КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЧҮЙ ОБЛАСТЫ
СОКУЛУК РАЙОНУ
З.КАЙНАЗАРОВА АТЫНДАГЫ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ
СОКУЛУКСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ АЙЫЛЬНОГО АЙМАКА ИМЕНИ З.КАЙНАЗАРОВОЙ

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

22.05 2024-ж № 4/1 Чат-Кель айылы

## З.Кайназарова атындагы айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн бюджетине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө.

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 109 беренесинин 1 пунктунун жана 115 беренинин 4 пунктунун негизинде З.Кайназарова атындагы айыл өкмөтүнүн башчысы А.К. Жумашалиевдин, экономикалык классификациясынын беренелеринин ортосунда жалпы бюджеттик каражатардын ассигнованиелеринин чектеринде кайра бөлүштүрүү жөнүндө маалыматын айылдык кенештин 28 чакырылышы угуп жана талкуулап

## ТОКТОМ КЫЛАТ:

**1.** 2024-жылдын 7-февралындагы № 1\1 З.Кайназарова атындагы айыл аймагынын айылдык кенешинин токтомуна төмөндөгүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) З.Кайназарова атындагы айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн 2024-жылга чыгашалар боюнча бюжетинин 70111 Аппарат бөлүмүнүн 2215-беренеси 500,0 мин сомго азайтылып, азайтылган каражат төмөндөгүдөй бөлүштүрүлсүн:

**70111 Аппарат бөлүмүнүн бөлүмүнүн 2221 Кезектеги оңдоп түзөө чыгымдары беренесине 250,0 мин сом,** айыл өкмөттүн имаратына оңдоп түзөөгө

**70721 Саламаттыкты сактоо бөлүмүнүн 2221 Кезектеги оңдоп түзөө чыгымдары беренесине 250,0 мин сом:**

- Белек айылындагы ФАПты оңдоп түзөө - 200 мин сом,
- Түз айылындагы ФАПты оңдоп түзөө - 50 мин сом.

70629 ТЖКЧ бөлүмүнүнүн 2215 беренеси 250,0 мин сомго азайтылып, азайтылган каражат, ушул бөлүмдүн **2221 Кезектеги оңдоп түзөө чыгымдары беренесине бөлүштүрүлсүн,** Белек айылындагы суу системасын оңдоого.

2) 2024-жылдын 7-февралындагы № 1\1 токтомунун 4-тиркемеси менен бекитилген 01.01.2024-жылга калган эркиндик калдыктын 70629 ТЖКЧ бөлүмүнүнүн 3111 беренеси 4000,0 мин сомго азайтылып, азайтылган каражат төмөндөгүдөй кайра бөлүштүрүлсүн:

**70111 Кеңеш бөлүмүнө - 515,1 мин сом кийинки беренелерге**

- 2111 Эмгек акы беренесине – 457,1 мин сом, З.Кайназарова атындагы айылдык кенештин жооптуу катчысынын эмгек акысына.
- 2121 Социалдык фондго төлөмдөр беренесине – 58,0 мин сом.

**70921 Орто мектептер бөлүмүнө – 3284,9 мин сом кийинки беренелерге:**

- 3111 Имараттар жана курулуштар беренесине – 3284,9 мин сом

Белек айылындагы А.Куттубаева атындагы орто мектептин от жагуучу жайын капиталдын ондоп түзөөгө – 3000,0 мин сом.

Национальный айылындагы "Панфилов жалпы билим берүү мекемеси" мектебинин от жагуучу жайынын чатырын ондоп түзөө иштерине – 284,9 мин сом.

**70813 Дене тарбия боюнча иш-чаралар бөлүмүнө 150,0 мин сом кийинки беренелерге**

- 2215 башка товарларды жана кызматтарды сатып алуу беренесине – 50,0 мин сом, З.Кайназарова атындагы айыл аймагында өткөн спорт оюндарына.
- 2222 Күнүмдүк чарба максатында буюм жана материалдарды сатып алуу беренесине – 100,0 мин сом, З.Кайназарова атындагы айыл аймагындагы жаш жеткинчектерге спорт жабдыктарын алып берүүгө:

**70862 Эс алуу, маданият, дин бөлүмүнө 2215 беренесине 50,0мин сом,** З.Кайназарова атындагы айыл аймагындагы маданият иш чараларына.

**2.** З.Кайназарова атындагы айыл аймагынын айылдык кеңешинин жооптуу катчысы Н.Т. Кожомжарова бул токтомду Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Чүй-Бишкек юстиция башкармалыгына мамлекеттик тилде каттого жөнөтсүн.

**3.** Ушул токтумдун аткарылышын камсыздоо З.Кайназарова атындагы айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы А.К. Жумашалиевге жүктөлсүн.

**4.** Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө айылдык кенештин бюджет боюнча комиссиясынын төрагасы Т.А. Джурсуналиевге жүктөлсүн.

**Төрага** **И.М. Раимкулов**